**Ж. Ашымов атындагы № 20 Арал жалпы орто билим берүү мектебинин соцпедагогу Базаркулова Гүлбаранын 2021-2022-окуу жылында иштеген иш чараларынын жылдык маалыматы.**

Соцпедагогко коюлуучу квалификациялык талаптардын негизинде соцпедагогдун милдеттери менен толук таанышып чыгып, жылдын башында алты тараптуу келишим түзүлгөн. Ошол келишимдин негизинде жыл бою иштей турган жылдык план түзүлдү.Пландаган иш чаранын негизинде тарбия завучу менен бирдикте окуучулардын , ата-энелердин, класс жетекчилердин ортосунда иш алып барылды.Алты тараптуу келишимдеги пландар класс жетекчилердин планына камтылган.

Соцпедагогдун милдети : Соцпедагог баланын жашоо тиричилигиндеги орчундуу маселелерди чечүүдө бала менен үй бүлөнүн, мектептин, укук коргоочу жана административдик органдардын ортосунда арачы болот да, анын кызыкчылыктарын жактайт. Социалдык тарбия- баланы социалдаштыруу процессин ийгиликтүү уюштурулуп, ар кандай социалдык тоскоолдуктарга каршы тура алган инсанды калыптандыруу дегенди билдирет. Социалдык педагогикалык иш аракеттер жеке инсандын ар кандай опурталдуу учурларга жолугуп калганда, андан чыгууга жардамдашуу, колдоо көрсөтүү максатында уюштурулат. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2010-жылдын 27- июнундагы № 452/1 буйругунун, Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмундагы соцпедагогко коюлуучу талаптардын негизинде негизги көйгөй келип чыгууда.

Көйгөй: Ырайымсыз мамиле жана зордук –зомбулуктун арты өкүнүч менен бүтүш Окуучунун ыңгайсыз шарттарда адамдар менен баарлашуусунун төмөндүгү .

Максат:Балдарды ырайымсыз мамиледен жана зордук- зомбулуктан сактап калуу үчүн алдын алуу иш чараларын жүргүзүү. Окуучулардын өз ойлорун ачык, так айтууга мүмкүнчүлүк түзүлд

Милдеттер : 1.Ырайымсыз мамиле жана зордук –зомбулуктан жапа чеккен балдарга көмөк көрсөтүү.

2. Опурталдуу топтогу балдарды зордук –зомбулуктан алдын алуу, сактап калуу үчүн коомчулукка маалымат берүү жана алдын алуу иштерин жүргүзүү.

Жылдын башында ар бир класста максат , көйгөй, милдеттердин негизинде төмөндөгүдөй иш чаралар өткөрүлүп келди. Класстын социалдык паспорту түзүлүп, класстагы окуучулар такталды. Класста канча окуучу кандай ийримге катыша тургандыгы аныкталып,канча окуучунун өнөкөт оорусу бар экендиги такталып социалдык паспортко жазылды. Мектептеги тоголок жетим , социалдык жетим , аз камсыз үй бүлөдөгү, көп балалуу үй бүлөдөү окуучулар такталып, өзүнчө пландар түзүлгөн.Турмуш шарты оор кырдаалда жашаган үй бүлөлөр аныкталып , канча бала бар экендиги аныкталган өзүнчө пландар түзүлгөн. Ошол пландын негизинде тарбия завучу менен бирдикте ар кандай иш чаралар өткөрүлдү. Опуртал топтогу окуучулар , Бейшенбек кызы Бегайымды атасынын бир тууганы баласы Ашырматов Жолдошбек көзөмөлчүлүк кылып багат, жакшы шарт түзүлүп берилген.Бул окуучуга мугалимдер тарабынан материалдык жардам берилип турат.Бул окуучулардын үйлөрүнө класс жетекчилери менен бирдикте айына эки жолудан барып ангемелешүү жүргүзүп турабыз. Өтүлгөн иш чараларга убагында протоколдор жазылып, чечими чыгарылды. Мындан сырткары ар бир класстын класс жетекчилери менен бирдикте одоно тартип бузган окуучуларын көзөмөлгө алуу жагы каралган.Мектепте одоно тартип бузган окуучулар катталган жок. . Майда барат рэкетчиликтер убагында билинип , тарбия ишинин уюштуруучусу , класс жетекчилер менен бирдикте чечилип келди . Өлкөдө болуп жаткан ар кандай терс көрүнүштөргө карата иш чаралар администрация менен бирдикте өтүлүп келди.Укук бузуу жана кылмыштуулукту алдын–алуу боюнча мектептин профилактикалык кенеши 11 кишиден түзүлгөн. Алдын –алуу кеңешинин чогулушу ай сайын өткөрүлүп, протоколдору жазылып , чечимдери чыгарылып турду.Ар бир класстын ата-эне байланыш дептерлери түзүлүп, тынымсыз иш чараларды өткөрүп келишти .Ырайымсыз мамиле «Зорду зомбулукту»алдын –алуу боюнча ар бир класста жылдык, айлык пландар түзүлүп , тарбиялык сааттар класстык сааттар , стенд газеталар , буклеттер чыгырылып, өткөрүлүп турду. «Зомбулуктан канти сактанабыз?», «Биз зомбулукка каршыбыз», «Рэкетчилик –бул кылмыш», «Кылмыш –деген эмне ?»деге темаларда жогорку денгээлдерде тегерек столдор өткөрүлдү. Бул тегерек столдорго ата-энеле мугалимдер, жаштар комитети катышып ар кимиси өз ойлорун ортого салып кеп кенештерин беришти. Бу тегерек столдордун максаты: Республиканын бардык мектептеринде зомбулуктун, рэкетчиликтин бол жатышы , анын себептери жана аягы өкүнүч менен бүтүшү жөнүндө кенири талкуулап, окуучуларды ойлорун ортого салу.Жалпы окуучуларга , ата-энелерге , класс жетекчилерге №1, № 2 анкеталар жашы жараша өз–өзүнчө алынып жыйынтыгы чыгарылды. Ырайымсыз мамиле , зордук–зомбулукту алдын ал максатында «Мээрим фонду» менен да иш чараларды алып бардык. Жыйынтыгында эч кандай зорду зомбулук болгон эмес.Ырайымсыз мамиле , зордук–зомбулукту алдын алуу максатында ФАПт кызматкерлери, соцпедагог, тарбия ишинин уюштуруучусу болуп, ар бир класста текшерүү иште жүргүздүк, текшерүү учурунда эч кандай даттануулар, денеси көк ала болгон окуучу катталган ж Убагында актылар түзүлүп кол койдурулду. Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар ме иштөө убагы менен жүргүзүлдү. Мындай окуучулар экөө. Мектепте окубайт, Сейтказиев Арн Дүйшөнкулов Акылбек. Бул эки балага башталгыч класстын мугалимдери Тууганбаева Наз Мырзакалыкова Тамара үйлөрүнө барып билим берип келишти. Аткарылган иш чаралардын ана жазылып , таблица түзүлүп, мониторинги чыгарылган. Мектепте суицид боюнча жалпы план түзү бектилген , ошол пландын негизинде иш чаралар өткөрүлүп келди. Убагында ата-энелер менен бирд чогулуштар өтүлүп, түшүндүрүү иштери жүргүзүлгөн. Класстарда «Жаркын жашоо», «Бул жашоодо жалгыз эмесмин», «Мени коргой турган адамдар бар»деген темада дил баяндар, ангеме , тегерек стол өткөрүп, түшүндүрүү иштерин класс жетекчилер менен бирдикте жүргүздүк.ИДНдин кызматкерлери к ата –энелер менен бирдикте лекция окуп түшүндүрүү иштерин жүргүзүп кетип жатышты. Биздин мек одоно тартип бузган окуучулар деле жок , бирок сабактан себепсиз калган окуучулар болду. Мы окуучулардын үйлөрүнө класс жетекчилери менен бирдикте барып, түшүндүрүү иштерин жүргүздү кандай суроолор менен ата-энелерден анкеталар алынды. Кээ бир ата-энелер суроолорго маани бербе

кыска бир сөз менен жооп берип коюшту. Айрым ата

4- класстын окуучуларынын ата-энелерине тетрадь уюштурулуп, ошол аркылуу анкеталар суроо жооп иретинде алынды. Ата –энелердин балага болгон жоопкерчилигин күчөтүү керек. Себеби, болгон ар кандай себептердин бардыгы мугалимге гана жүктөлгөн, мугалим ар бир окуучунун кыймыл аракетине жооп берет деп түшүнүшөт көпчүлүк ата-энелер.Негизинен ар бир окуучуга бирден күндөлүк уюштурса болот экен, себеби ар бир окуучу өзүнүн күндөлүк дептерине өз оюн жазып жүрөт. Бул аркылуу баланын оюн так билүүгө болот деп ойлойм. Мындан сырткары окуучуларды бириктирген , ынтымакташкан класстар аралык,класстан тышкаркы иш чараларды көбүрөөк өткөрүп туруу зарыл экендигин байкадым. Ар бир класс жетекчи өз классы менен КВН, тегерек стол , даталуу күндөрдө майрамдык концерттерди ушютуруп, өткөрүп келишти. Мектепке дайыма ИДНдин кызматкери милициянын лейтенанты Калкаманов Максат,Капаров Элибек келип, окуучулар арасында жолугуушуларды өткөрүп, лекцияларды окуп түшүндүрүү иштерин жүргүзүп турду. «Жолдо жүрүү эрежелерин сактоо», «Рэкетчилик , зомбулук» боюнча лекцияларды окуп, ангемелешүү жүргүздү. Жылдын башында статиялар менен тааныштырып, ар бир окуучудан расписка алуу зарылчылыгы келип чыгат, себеби бала өзүнүн мектептеги , көчөдөгү, үйдөгү ордун билиши керек. 66, 70, 77- статьянын негизинде жашы жете элек өспүрүмдөр 14 жаштан тартып кылмыш жообуна тартылышат. 170- статьяда рэкетчилик боюнча кабылган жаш өспүрүм 3 жылдан 5 жылга чейинки убакытта жасасын алат. 234- стаьяда хулиганчылык боюнча, 164- статьяда уурулук боюнча 3 жылга чейинки убакытта эркинен ажыратылат. Бул айтылган статьялар менен 7- 11-класстын класс жетекчилери таанышып, ар бир класска түшүндүрүп окуучуларга кол койдуруп кабинеттерге сактоо жагы каралган . ИДНдин кызматкерлери, 10-бөлүмдүн кызматкери да келип окуучулар менен «Диний экстремизм жана терроризм» жөнүндө ар кандай иш чараларды жүргүзүштү. Диний эксремизм боюнча мектепте 10-11-класстын окуучулары класс жетекчилери менен бирдикте тегерек стол өткөрүлдү. Тегерек столдо ар бир окуучу өз ойлорун ортого салып, өздөрүнүн түшүнгөндөрүн айтып беришти. Мындай иш чаралар дайыма өткөрүлүп келет. Жыл боюу кыздар жана балдар уюмунун иштери жүргүзүлдү. Балдар уюмунун иши анча жакшы болгон жок . Ал эми кыздар уюмунун иши жакшы денгээлде жүрдү десем болот. Убагы менен КВНдер, тегерек столдор, чогулуштар өткөрүлүп, протоколдору жазылып , чечимдери чыгарылып турду.Быйылкы окуу жылында медиаторлор былтыркы окуу жылындагыга караганда бир азда болсо түшүнүктөрү болду, класстарда иш аракеттер жүргүзүлдү.Жалпы жыл боюу аткарылган иш чаралрдын отчёттору убагында өткөрүлдү. Соцпедагог менен класс жетекчилер, ата-энелер байланышты күчөтүү керек. Быйылкы окуу жылында ар бир класс жетекчи менен чогуу иш чараларды алып бардык. Эмки окуу жылында да биримдикте, ынтымакта иш алып баруу жагы белгиленди. Жаңы окуу жылында бул иш чараны дагы жанылануу менен жандандырып,ата–эне, коомчулук менен байлашышты күчөтүү керек. Эмки окуу жылында төмөндөгүдөй көйгөй,максат,милеттердин негизинде иш алып баруу сунушталат.

Чечим:

**1.Бир жылдык иштеген соцпедагогдун иш чаралары “канагаттандырарлык деп белгиленсин”.**

**2.Ата –энелер ,коомчулук менен болгон байланышты күчөтүү жагы тарбия иштеринин уюштуруучусу жана соцпедагогко милдеттендирилсин.**

**3. Ырайымсыз мамиле жана зордук зомбулукка каршы иш чараларды тынымсыз алып баруу класс жетекчилерге,көзөмөл кылуу жагы соцпедагогко милдеттендирилсин.**